| | |
|---|---|
| **АК-ТАЛАА РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ** | **АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ** |
| **ИТИКУЛ МОЛДОБАЕВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ** | **СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ ИТИКУЛА МОЛДОБАЕВА** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

**“ 4 ” сентябрь 2021-жыл №40** **Жерге-Тал айылы**

**Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин миссиясын бекитүү жөнүндө**

**Мектептин 2021-2025-окуу жылдарына карата стратегиялык планын аткаруу максатында буйрук кылам:**

1. Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин миссиясы төмөндөгүдөй мазмунда бекитилсин– “Окуучуларды алган билимдерин турмушта пайдалана билген, коомдо өзүнүн ордун таба ала турган гумандуу, активдүү атуулдук позициясы бар инсанды тарбиялоодо ата-эне, коомчулукту мектеп турмушуна аралаштыруу аркылуу билим сапатын көтөрүү”.

2. Миссиянын негизинде мектептин бардык иш пландары түзүлүп чыгып, аткарууга алынсын.

3. Мектептин миссиясы көрүнүктүү жерге илинип, окуучуларга жана ата-энелерге тааныштырылсын.

4. Мектептин миссиясынын негизинде ишмердүүлүктүн негизги максаты жана милдеттери, багыттары так аныкталып иш алып барылсын жана белгиленген ар бир иш чаранын күтүлүүчү натыйжалары так аныктасын.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам

**Негизи: №1 педагогикалык кенештин чечими, 7.09.2021-ж.**

**Директор:** **Саякбаева Н.Ш.**

# Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин педагогикалык кенешинин токтому №1

"__4__" __сентябрь__ 2021-ж. Жерге-Тал айылы

Педагогикалык кенештин төрайымы-Саякбаева Н.

Катчысы – Ибрагимова А.

Катышкандар – 21
Катышкан жок – 3
Себептүү -3
Себепсиз – 0

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. 2021-2025-окуу жылдарына карата мектептин миссиясын жана стратегиялык өнүгүү планын кабыл алуу.

УГУЛДУ: Мектеп директору Саякбаева Н.: 2021-2025-окуу жылдарына карата мектептин миссиясын жана стратегиялык өнүгүү планын кабыл алууда мектептин 2020-2021-окуу жылында жүргүзүлгөн иштер жана аларга жүргүзүлгөн анализдердин жыйынтыгы, мектептеги актуалдуу көйгөйлөр жөнүндө токтолду. Мектепти келечекте көрүү боюнча атайын түзүлгөн топтун ишмердүүлүктөрү, SWOT анализдин жыйынтыгы боюнча, алдыда жасала турган иштер, күтүлүүчү натыйжалар, мүмкүнчүлүктөр боюнча кенири маалымат берди. Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин миссиясын төмөндөгүдөй мазмунда сунушталды– "Окуучуларды алган билимдерин турмушта пайдалана билген, коомдо өзүнүн ордун таба ала турган гумандуу, активдүү атуулдук позициясы бар инсанды тарбиялоодо ата-эне, коомчулукту мектеп турмушуна аралаштыруу аркылуу билим сапатын көтөрүү". Мектептин стратегиялык өнүгүү планы төмөндөгүдөй багыттарда, максатта берилгендиги боюнча баса белгиледи: - билим берүү иштери менен алектенген мамлекеттик эмес уюмдар, эл аралык, мамлекеттик, регионалдык уюмдар менен үй-бүлөлүк өнөктөштүктү бекемдөө, спонсор тартуу себептерин изилдөө, - предметтик кабинеттерди уюштуруу аларды дидактикалык материалдар, техникалык каражаттар, окуу куралдар менен камсыз кылуу,
- окуучулардын кызыгуусу боюнча кружок жана клуб иштерин өнүктүрүү.
- усулдук бирикмелерди, мектептин басма сөз кызматын уюштуруу
- ата-энелерди мектептин иш - чараларына тартуу, кызматташтыкты күчөтүү,
- акцияларды өткөрүү, инновациялык идеялардын конкурстарын уюштуруу ж.б.

Жогорудагыларды белгилеп, күн тартибиндеги маселелер боюнча мектептин педагогикалык кенеши

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин миссиясын төмөндөгүдөй мазмунда бекитилсин: "Окуучуларды алган билимдерин турмушта пайдалана билген, коомдо өзүнүн ордун таба ала турган гумандуу, активдүү атуулдук позициясы бар инсанды тарбиялоодо ата-эне, коомчулукту мектеп турмушуна аралаштыруу аркылуу билим сапатын көтөрүү".

2. Мектептин стратегиялык өнүгүү планы (2021-2025) төмөндөгүдөй 5 максатта жетекчиликке алынып, бекитилсин:

1-Стратегиялык максат: Жаңы технологияларды колдонуу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана сапаттуу билим алуусуна мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.
2-Стратегиялык максат:Мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтуу, профессионалдуулугун арттыруу.
3-Стратегиялык максат:Окуучуларды коомдо талап кылынуучу эң жөнөкөй көндүмдөрүн калыптандырууга тарбиялоо
4-Стратегиялык максат:Балдарды окутуп – тарбиялоонун сапатын жогорулатууда ата-энелерди, коомчулукту, жамаатты катыштыруу.
5-Стратегиялык максат: Мектептин материалдык - техникалык базасын чыңдоо.

3. Мектептин миссиясынын жана стратегиялык өнүгүү планына ылайык мектептин 2021-2022- окуу жылына карата окуу-тарбия, класстан тышкаркы иштерди уюштуруу пландарына толуктоолор киргизилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мектеп директору Н. Саякбаевага милдеттендирисин.

Педагогикалык кенештин төрайымы: Н. Саякбаева

Педагогикалык кенештин катчысы: А. Ибрагимова